# КАРАТАЙ САРТБАЕВ – ӨЗ МЕЗГИЛИНИН БИРИНЧИ МУГАЛИМИ



*Кыргыз Республикасынын эмгек синирген мугалими, СССР жана Кыргыз ССРинин Эл агартуусунун отличниги, Чыңгыз Айтматов атындагы Эл аралык коомдук академиясынын академиги, Ишенаалы Арабаев атындагы медалдын жана сыйлыктын ээси, "Алиппе", "Кыргыз тили" окуу китептеринин автору, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаевдин билим берүү жана илимге синирген эмгеги кыргыз педагогикасында, анын ичинде башталгыч билим берүүгө чон эмгек синирген окумуштуу катары бааланып келе жатат. Окумуштуунун башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча жасаган эмгектери, изилдөөлөрү 60 жылга жакын убакытты камтыйт.*

*Каратай Сартбаев – өз мезгилинин биринчи мугалими. Окумуштуунун башталгыч класстарга арналган эмгнктеринин тематикасы ар түрдүү. Атап айтсак, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу, башталгыч класстарда орогррафиялык эрежелерди үйрөтүү, стилистикалык эрежелерди окутуу, окуучунун оозеки жана жазуу маданиятын калыптандыруу, дидактиклык материалдар, аларды окутуу процессинде колдонуунун бөтөнчөлүгү ж.б. проблемага арналган эмгектери жарыяланып, мектеп тажрыйбасында колдонулуп келе жатат. Окумуштуунун бул эмгектеринин топтому тандалган эмгектер деп аталып 10 томдук жыйнакка топтолуп, окумуштуунун өмүрлүк жары, п.и.к., доцент Агүпү Мураталиева, педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Р.Акунованын жетекчилиги менен 2014-жылы басылган Жыйнакка окумуштуунун башталгыч класстарга арналган эмгектери топтолгон.*

*Каратай Сартбаев башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасын ар тараптуу изилдеген белгилүү окумуштуу. Окумуштуунун эмгектери мектеп мугалимдери, ЖОЖдун студенттери, магистранттары, аспиаранттары тарабынан окуп-үйрөнүлүп келе жатат.*

*Кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын демилгеси менен 2022-жылдын 9-декабрында* ***"Сартбаевдик окуулар-2022" алкагында: «Башталгыч билим берүү: теориясы, практикасы жана өнүгүү тенденциялары»*** *деген аталышында эл аралык илимий-практикалык конференция уюштурулуп, конференцияга И.Арабаев атындагы КМУнун, ОшМУнун, ОшМПУнун, Ош КӨУнун, БатМУнун, Казак Республикасынын ЖОЖдорунун окумуштуулары, окутуучулары,магистранттары, аспиранттары, студенттери катышты Конференцияда жалпы 160 доклад окулду. Окумуштууга арналган өзүнчө секция иштеп, анда окумуштуунун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнө арналган докладдар окулуп, кызуу талкуу жүрдү. Окумуштуунун үй-бүлөсү тарабынан педагогика багытында окуган 3 студентке стипендия ыйгарылды. Конференциянын резолюциясына окумуштуунун эмгектерин терендеп үйрөтүү боюнча жыл сайын педагогикалык окууларды башталгыч класстын мугалимдерин даярдаган окуу жайларда уюштуруп туруу жагы сунушталды.*

**Сакиева Сайипжамал Салайдиновна - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессору, педагогика илимдеринин доктору, педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы**